Алгач коммуникативдик ыкма четке кагылган, бирок азыр салттуу грамматика-котормо ыкмасы менен бирге кайрадан алдыңкы орунду ээлейт. Заманбап университеттердин көпчүлүк мугалимдери бул эки ыкманы артык көрүшөт жана алар көбүнчө айкалыштырылып колдонулат. Түз метод жогорку окуу жайларында сейрек колдонулат. Тагыраак айтканда, аудиовизуалдык жана аудиолингвалдык методдор көп убакта мектепте колдонулбайт, бирок университеттердин жана институттардын көптөгөн окутуучулары мезгил-мезгили менен ушундай методдордун негизинде сабактарды өткөрүшөт. Бул жалпы билим берүү программасын жакшыртууга жана студенттерди кызыктырууга мүмкүндүк берет.

***Адабияттар***


*1. Громова О.А. Аудио-визуальный метод и практика его применения. М., 1977.*

*2. Домашнев А.И. и др. Методика преподавания английского языка в педагогическом вузе. М., 1983.*

*3. Основные направления в методике преподавания иностранных языков в XX вв. / Под ред. М.В. Рахманова. М., 1972.*

*4. Палмер Г. Устный метод обучения иностранным языкам. М., 1960.*

*5. Шейлз Д. Коммуникативность в обучении современным языкам. [Совет по Культурному Сотрудничеству. Проект № 12 «Изучение и преподавание современных языков для целей общения».] Совет Европы Пресс, 1995.*



***УДК: 37.091.3:811.111***
***DOI: 10.35254/bhu/2022.60.23***



***Турусбекова А. С.,***
*К. Карасаев атындагы БМУ*

***Касмалиева Э. Т.,***
*К.Карасаев атындагы БМУ*


## АНГЛИС ТИЛИ САБАГЫНДА СЫН АТООЧТОРДУ ОКУТУУ


***Кыскача мазмуну***

*Бул макалада англис тили сабагында сын атоочторду окутуунун мааниси жана жолдору жөнүндө баяндалат. Сын атооч грамматикада эн чоң мааниси жана орду бар сөз түркүмдөрүнүн катарына кирет, алардын жардамы менен жазуу жана сүйлөө кеби экспрессивдүү, деталдуу жана маалыматтуу болуп калат. Сын атоочторду англис тили сабактарында окутууда ар кандай коммуникативдик ыкмаларды жана жолдорду колдонуп, өтүү заманбап методиканын жана учурдун талабы болуп эсептелинет. Коммуникативдик ыкма  бул ар кандай көнүгүүлөрдүн жардамы менен оозеки сүйлөөнү ишке ашыруу.*

*Ошондой эле, макалада англис тилиндеги сын атоочторду үйрөнүүдө студенттердин сөз байлыгын жана коммуникативдик компетенттүүлүгүн өркүндөтүү боюнча бир катар көнүгүүлөр жана оюндар сунушталат. Бул сүйлөө кебин жана тилди өнүктүрүүгө багытталган көнүгүүлөр оозеки сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн негиз болуп саналат, Сөз грамматикалык тарабын алганда өнүктүрүүчү каражат жана ансыз чет тилинде туура жана так сүйлөөнү элестетүү мүмкүн эмес.*



***Түйүндүү сөздөр:*** *сын атооч,сөз түркүмү,үйрөнүү, окутуу, суйлөө кеби, өнүктүрүү ыкмалар,коммуникативдик ыкма,интерактивдуу окутуу, көнүгүүлөр.*


## ОБУЧЕНИЕ ПРИЛАГАТЕЛЬНЫХ НА УРОКАХ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА


***Аннотация***

*В этой статье обсуждается важность и способы обучения прилагательным на уроках английского языка. Прилагательные являются одним из самых важных частей речи в грамматике. По своим выразительным качествам прилагательные занимают одну из лидирующих позиций среди других частей речи.*

*С их помощью письменная и устная речь становится выразительной, детальной и информативной. Использование коммуникативных методов и подходов в обучении прилагательным на уроках английского языка является требованием современной методологии. Коммуникативная методика предусматривает активное говорение, работу с устной речью в больших объемах с помощью различных упражнений.*

*А также в статье предлагаются ряд упражнений и игр на развитие словарного запаса и коммуникативной компетенции учеников при изучении прилагательных в английском языке.Эти речевые и языковые задания являются*

*своеобразным фундаментом, основой для развития устных речевых умений, средством развития грамматической стороны речи, без которой невозможно представить правильную устную речь.*

***Ключевые слова:*** *имя прилагательное, часть речи, изучение, обучение, речь, развитие, методы, коммуникативный метод, интерактивный метод, упражнения.*

## TEACHING ADJECTIVES AT ENGLISH CLASSES

***Abstract***

*This article discusses the importance and ways of teaching adjectives at the English lessons. Adjectives are one of the most important parts of speech in grammar. By their expressive characteristics, adjectives occupy one of the leading positions among other parts of speech. Written and spoken language become expressive, detailed and informative due to adjectives.*

*The use of various methods and approaches in teaching adjectives in English lessons is a requirement of modern methodology. The communicative technique involves active speaking, working with oral speech with the help of various exercises.*

*The article also offers a number of exercises and games for the development of vocabulary and communicative competence of students when learning adjectives in the English language. These speaking and language tasks are a kind of foundation, the basis for the development of oral speech skills, a means of developing the grammatical side of speech, without which it is impossible to imagine correct oral speech.*

***Key words:*** *adjective, parts of speech, learning, teaching, speech, development, methods, communicative approach, interactive method, activities.*

Коомдун өнүгүүсүнүн азыркы этабында англис тилин билүү абдан маанилүү, себеби дүйнө жүзүндөгү экономикалык, саясий жана маданий карым-катнаштар дал ушул англис тили аркылуу ишке ашып жатат. Англис тилинде сүйлөөнү үйрөнүүдө грамматика маанилүү орунду ээлейт жана ал лексиканын жардамы менен негизделген тил илиминин бир бөлүгү. Грамматика бул -сөздөрдүн өзгөрүшүн, өз ара айкалышын жана сүйлөмдөрдүн түзүлүш нормаларын өз ичине камтыган объективдүү көрүнүш болуп эсептелет. Грамматика бул- тил илиминде салмагы чоң жана маанилүү бөлүктөрдүн бири, себеби грамматиканы билбей туруп сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн туура жана так айтылышын, өзгөрүүсүн жана түзүлүшүн билүү кыйын.

Ал эми сөздөрдүн мааниси жөнүндө окумуштуу D. Wilkins төмөндөгүдөй жазган: "Тилди грамматикасыз бир аз үйрөнсө болот, ал эми сөздөрү жок тилди үйрөнгөнгө болбойт."[ 4, 111 б.]. Демек, чет тилин үйрөнүүдө грамматиканын да, лексиканын да мааниси абдан зор.

Сын атооч грамматикада эң чоң мааниси жана орду бар сөз түркүмдөрүнүн катарына кирет, ал заттын сын-сыпатын, өңү-түсүн, формасын жана даамын билдирип турган сөз түркүмү деп билебиз. Алгач сын атоочтун аныктамасына токтоло кетсек.

Англис окумуштуусу жана лингвисти Роберт Диксондун теориясына ылайык "Where have all the adjectives gone?" деген китебинде, сын атооч англис тилиндеги зат атооч жана этиштен кийинки үчүнчү чоң топ болуп эсептелет. Сын атооч- бул нерселердин же буюмдардын касиеттерин аныктай турган сөздөр жана тил илиминдеги салыштыруу даражалары бар жападан жалгыз грамматикалык категория.» -деп жазган. [1, 19 б. ]

Ал эми Ж.Хадсон, С. Парадис жана Б. Уаррен сын атоочко төмөндөгүдөй аныктама беришкен: "Сын атоочтор - адамдардын, нерселердин же кубулуштардын касиеттерин сүрөттөгөн мазмундуу сөз түркүмү".[3, 8 б. ]

Демек, сын атооч маанилүү жана мазмундуу сөз түркүмүнө кирет.Сын атоочсуз тил илими өтө супсак болуп калмак, себеби дал ушул сөз түркүмү аркылуу адам баласы өзүнүн сезимдерин, ой-толгоосун жана дүйнөгө болгон көз-карашын билдирип, ошондой эле айланабыздагы бардык кубулуштарды жана нерселерди кооздоп жана көркөмдөй алабыз. Сын атоочту англис тили сабагында окутууда ар кандай жолдор жана ыкмалар бар, бирок алардын ичинен эн кенири жана көп колдонулган ыкма -бул коммуникативдик ыкма болуп эсептелет. Коммуникативдик ыкманы окуу процессинде катышуучулардын биргеликте жүргүзгөн иш аракеттерине негизделген окутуунун заманбап методу катары кароого болот.

Коммуникативдик методдун автору Е. И. Пассовдун оюу боюнча, "коммуникативдүүлүк окуу процессинин сүйлөө багытын болжолдойт, ал сүйлөө практикалык максат (чындыгында, өткөн жана азыркы учурдагы бардык багыттар ушундай максатты көздөйт), анткени бул максатка жетүүнүн жолу бул тилди практикалык жактан колдонуу болуп эсептелет. Практикалык сүйлөө багыты-бул максат гана эмес, ошондой эле диалектикалык жактан бири-бирине шарт түзгөн каражат".[7, 208 б. ] Ушул эле ойду көптөгөн изилдөөчүлөр жана окумуштуулар колдошкон.

Орус окумуштуусу Я. М. Колкер коммуникативдик ыкма боюнча кеңири токтолгон: "акыркы он жылдыктарда салттуу чет тилин окутуу коммуникативдик жана интенсивдүү методдорго карама-каршы келет." [6, 48б.]. Окумуштуу муну менен коммуникативдик ыкманы окутуудагы эң негизги жол жана форма катары колдонуу керектигин баса көрсөткөн. Окутуунун коммуникативдик формаларын киргизүү окуучуларды жана студенттерди англис тилине окутуудагы маанилүү багыттардын бири болуп саналат. Мугалим үчүн жетиштүү компетенттүү болушу үчүн билим берүү процессинде методикалык инновацияларды колдонуу зарыл, алар бүгүнкү күндө окутуунун коммуникативдик методдорун колдонууга байланышкан. Интерактивдүү окутуу окугандардын өзүнүн тажрыйбасы жана тажрыйбасы менен түз өз ара аракеттенишүүсүнө жана сүйлөө кебин өстүрүүгө негизделген.

Грамматикалык материалдар сүйлөө кебин өстүрүүнүн негизги болгондуктан, окуучулардын сүйлөөгө жана ба-

арлашууга, жана ошондой эле англис тили сабактарында өтүлгөн грамматикалык материалды, тактап айтканда сын атоочторду практика жүзүндө колдонуусу эң ири жетишкендик катары эсептесе болот. Бекеринен Л. Щерба: «Грамматика сүйлөөгө үйрөтөт»- деп жазбаса керек. [5, 57 б] Грамматикалык материалды үйрөтүүнү эмнеден баштоо керек, кантип жана кандай жолдор менен ыкмалар менен ишке ашырууну чечүү азыркы заманбап методиканын талабы.

Ал эми сын атоочторду англис тили сабагында окутуудагы коммуникативдик усул-ыкмаларга токтолсок. Эгерде мугалим дайыма окуучуларга бир эле багытта түшүндүрмө берип же бир эле ыкманы колдоно берсе, сабак өз максатына жетпей калышы жана окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу жоголушу мүмкүн. Ар бир мугалим сабактын өз максатына жетиши үчүн ар кандай жолдор, жаңы ыкмаларды колдонуу менен өтүүсү керек. Ошондуктан сабакты кызыктуу жана ар кандай ыкмалар менен өтүү үчүн мугалим менен окуучунун иш аракети маанилүү. Англис тили сабагында сын атоочторду кызыктуу жана жогорку деңгээлде окутуу үчүн төмөндөгүдөй коммуникативдик ыкмалар сунуш кылынат:

1. Затты же нерсени сүрөттөө- The description of nouns or things

бул көнүгүүнү эки жол менен ойнотсо болот, биринчисинде мугалим кагазга бир гана зат атоочту жазып окуучуларга берет. Ар бир окуучу ал зат атоочко ылайык келген сын атоочту жазуу менен бирге сүрөттөшөт.

Мисалы: ocean-deep, ocean-blue, ocean-vast, ocean-stormy, ocean-magnificent, ocean-endless, ocean-huge, ocean-warm, ocean-Pacific, ocean-fresh, ocean-boundless, ocean-shallow, ocean-western, ocean-tropical and so on.

Ал эми экинчи жолу болсо окуучуларга тескерисинче сын атоочтор берилет, аларга туура келген зат атоочту табышат.

Мисалы: beautiful woman, beautiful building, beautiful house, beautiful handwriting, beautiful bag, beautiful nature, beautiful flower, beautiful place, beautiful city, beautiful dress, beautiful bracelet, beautiful life, beautiful picture, beautiful car, beautiful decoration and so on.

Кимде-ким көп зат атоочторду бул сын атооч менен айкалыштыра алса, ал жеңүүчү боло алат.

2. Класстык бөлмөнүн ичиндеги нерселерди сүрөттөө-Describing the things in the classroom

Бул көнүгүүгө окуучуларды 2 тайпага же эки-экиден болуп алса болот. Биринчи тайпа нерсени сүрөттөйт, экинчи тайпа табат.

Мисалы:

First team: You can see this thing in front of you, on the wall. It is a big and hard. Its colour can be white or brown. What can it be?

Second team: It is a blackboard.

Second team: Every classroom has this thing. It is a large or small. It can be open or closed. What is it?

First team: It is a door.

3. Сын атооч бинго оюну-Adjective Bingo

Бир нече буюмдарды же нерселердин сүрөттөрү- даярдоо керек.Буларды ар бир окуучуга же тайпага таратып бергенден кийин, мугалим ар кандай сын атоочторду жана зат атоочторду атайт.Окуучулардын карточкаларындагы сүрөттөлгөн нерселер дал келишсе, мисалы мугалим “green apple” десе, окуучу карточкасынан аны туура тапса, ал “BINGO!” деп айтышы керек. Эгерде окуучулар өзүлөрү сүрөттөй алышса, анда аларга орун беруу керек.

4. Табу -Taboo

Бул оюнда өз каалосу менен окуучу чыгып, бир буюмдун, жердин, же адамдардын атын атабай туруп, сүрөттөп баштайт, калган окуучулар аны тапканга аракет жасашат. Ким туура тапса, ал кийинки сөздү катат.

Мисалы:

First student: This thing is a beautiful and high. It is covered with a rug of trees, green, yellow, scarlet and orange, but their bare tops were scarfed and beribboned with snow.

Second student: It is mountain. [8, 18 б ]

5. Сын атоочторду колдонуп аңгеме түзүү- Making up the story using the adjectives

Бул көнүгүүнү жасоодо окуучуларды 2 же 3 топко бөлүш керек. Сын атоочторду колдонуу менен тайпалар өзүнүн кыска ангемесин айтышат, кайсы тайпа көп сын атооч колдонсо, ошол топ утат.

Мисалы: It was cold and cloudy day.

6. Бир сүйлөмдө бир нече сын атоочторду колдонуу-Grow the sentences

Бул көнүгүү учун студенттер сын атоочтордун даражаларын сүйлөмдөрдө туура колдонгонго жардам берет. Мугалим сабакка чейин сүйлөмдөрдү түзүп, даярдап коюшу керек.

Мисалы: The ____ tomatoes taste _____ than the ____ peppers.

Окуучулар бул сүйлөмдөгү боштуктарды сын атоочтор менен толукташы керек.Анда мындай болушу мумкун:

The red tomatoes taste better than the green peppers.

Мындан башка сын атоочторду да колдонушса болот, бирок ким биринчи тапса, ошол студент упай алат. Сүйлөмдөрдүн саны 12-15 тен ашпашы керек, себеби өтө көп сүйлөмдөр тажатма болуп кетиши мүмкүн. Эгерде каталар болсо, студенттердин өзүлөрү оңдогону абдан жакшы.[2, 35 б.]

7. Сүрөт жарышы- Picture Race

Сүрөт жарышы бул окуучулардын сын атоочторду көп колдонууга үйрөтөт.

Бул көнүгүү үчүн мурдатан бир нече адамдардын, жаратылыштын, жер-суунун жана нерселердин сүрөттөрүн чыгарып алуу керек. Классты бир нече тайпаларга бөлүп алуу керек. Ар бири бир барак кагаз жана калем алуусу керек. Студенттер сүрөттү көрсөтүп, бир мүнөттүн аралыгында аны сын атоочторду колдонуу менен айтыш керек. Эгерде бир тайпанын жазган сын атоочторду кайталанса, аны сызып салышат,акырында кайсы тайпа көп сын атооч жазышса ошолор жарышта алдыга чыга алышат.

Мисалы: a flower- a romantic, astonishing, beautiful, bright, broken, cheerful, classy, dazzling, delightful, enchanting, exotic, fabulous, fancy, fragrant, fresh, glamorous, joyous, lavish, lovely, nice, odd, organic, picked, splendid, silky, wonderful and yellow.

Бул көнүгүү сын атоочторду көп билген окуучулар үчүн эң сонун, ал эми башкалар аны көрүп, угуп жана жаттап калуусуна мумкундук түзөт.

8. Жакын досторунду сүрөттөө-Describe Your Best Friend

Бул суйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүүгө ылайыкталган көнүгүү. Окуучулар жакын досторун сүрөттөшөт. Доскага булар жазылат: “appearance,” “personality” and

"compared to me." Андан кийин төмөндөгү суроолор берилет:

• What does he or she look like?
• What color is his or her hair?
• Is he/ she they tall or short?

Суроолорго жооп беруу менен бирге кимди сүрөттөп жатканын табуу керек.

9. Сын атооч доминосу-Adjective Domino

Кагазга бир нече сын атоочтор жазылып, ар бири өзүнчө кесилет. Бул оюнду 2 топко болуп алып ойнотсо болот.Ар бир топко ар кандай сын атоочтор берилет. Андан соң бир тайпанын окуучусу бирден сын атоочту ачат да, акыркы тамгасы кайсы тамга менен бүтсө, экинчи тайпадагы окуучу ошо тамга менен баштаган сын атоочту тизет. Эгерде жок болуп калса, кезек башка тайпага берилет.Кайсы тайпа биринчи сын атоочторун тизип бүтсө, ошолор женишке ээ болушат.

Мисалы: magnificent-thoughtful- low- wonderful- long-gorgeous- successful-light- talented-determined-dangerous-sparkling-glamorous-strange-enthusiastic

10. Сын атооч аукциону-Adjective Auction

Бул көнүгүүнү аткаруу учун мугалим алдын-ала ар кайсы нерселердин сүрөттөрүн же буюмдарды(реалиаларды) камдап алыш керек. Андан кийин бул буюмдар көрсөтүлгөндө, аны менен кошо эки же үч сын атоочту катары менен айтуу керек. Англис тилинде сын атоочтордун төмөндөгүдөй ирээти бар:

1. Opinion-ой-пикир: pretty, horrible, lovely.
2. Size-көлөм: huge, tiny, big, little.
3. Age-жаш: old, young, new.
4. Shape-форма: round, square, triangular.
5. Colour-өң-түс: black, red, yellow.
6. Origin-келип чыгышы: British, Chinese, French.
7. Material-эмнеден жасалган: woollen, wooden, silk.
8. Purpose-максат: writing (paper), school (shoes).

Мисалы: lovely, old, glass vase
nice, long, diamond necklace
small, brown, coffee cup

Аукциондо коюлган буюм же нерсе менен сын атоочтун ирээтин туура айткан окуучуга балл берилет.

Жогорудагы ыкмылар жана жолдордон башка дагы көптөгөн көнүгүүлөр бар, окуучулардын денгээлине жана кабыл алуусуна жараша тандоо менен англис тили сабактарында сын атоочту окутууда мугалимдер өз максаттарына жетише алышат.

Демек, ар турдуу жолдор, жаңы ыкмалар жана көнүгүүлөр окуучулардын сабакка кызыгуусун арттыруу менен эффективдүү кабыл алуусуна чоң жардам көрсөтүү менен бирге окуучунун сүйлөө кебинде сын атоочту туура жана так колдонууга үйрөтөт.

***Адабияттар***


*1. Dixon, R. M. W. (1977). Where have all the adjectives gone? Studies in Language, 1, 19-80.*

*2. Friederice Klippel, Keep Talking, Communicative fluency activities for language teaching, Cambridge University Press,1984., p. 35*

*3. Hudson, J. Paradis, C. and Warren, B. (2005). Basic English Grammar. Lund: Lund University Press., p.8*

*4. Wilkins, D. (1972). Linguistics in language teaching. London: Edward Arnold.*

*5. Щерба Л.В., Языковая система и речевая деятельность, Л., 1974, 57 с*

*6. Колкер Я.М. Практическая методика обучения иностранному языку - М., 2000.*

*7. Пассов, Е. И. Коммуникативный метод обучения иноязычному говорению. - М.: Просвещение, 1985, 208 с*

*8. https://busyteacher.org/17367-practicing-adjectives-10-fun-activities.html*



***УДК: 37.013***
***DOI: 10.35254/bhu/2022.60.26***



***Кенжешев К. Д.,***
*К. Карасаев атындагы БМУ*


# ЭТНОПЕДАГОГИКА ЖАНА ЖОГОРКУ КЛАССТАРДА АДАБИЙ ЧЫГАРМАЛАРДЫ ТАЛДОО ЖУМУШТАРЫ


***Кыскача мазмуну***

*Орто мектептердин жогорку класстарынын окуучуларына кыргыз адабияты сабагы бир нече компетенцияны калыптандырууга тийиш болгон маселелерди чечүү үчүн адабий чыгармага талдоо жумуштары макалада каралат. Анын этнопедагогика менен болгон байланышы чыгармага анализ берүү учурунда кандай болушу керектиги ачыкталат. Проблеманы кыргыз адабий чыгармалары менен байланыштырууда кандай кырдаалдар эске алынышы сабакта жасалчу жумуштардын мазмунуна байланыштырылат. Адабий чыгармаларга туура талдоо жүргүзүлсө, окуучуларга этнопедагогикалык жактан тарбия берүүнүн деңгээли көтөрүлөт. Кыргыз адабияты сабактарынын илимий-методикалык жактан иштелиши окуучуларга этнопедагогикалык мазмунда билимдин коомдук-социалдык маселеси экени айкындалат. Орто мектептер үчүн адабий билим берүү эске алынбай жатканы мисалдар менен көрсөтүлөт. Ал окуучулардын инсандык, социалдык-маданий компетенцияларынын негизинде чечмеленет.*